| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 26-чакырылган кезектеги XXIV (жыйырма төртүнчү) сессиясы

**ТОКТОМ**

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2016-жылдын 11-февралы №150/XXIV-26** **Алмалуу айылы**

Горная-Серафимовка айылынын элдеринин айылдын аталышын которуу жөнүндөгү кайрылуусун кароо

Горная-Серафимовка айылынын элдеринин айылдын аталышын жана Менжинск көчөсүн которуу жөнүндөгү 151 киши кол койгон кайрылуусу боюнча айылдык Кенештин социалдык иштер боюнча туруктуу комиссиясы билдирет: Горная-Серафимовка айылынын жашоочуларынын кайрылып жаткан себеби айылдын аталышы мурдагы колхоздоштуруу убагында "Горная-Серафимовка" деп аталып калган, айылдын аталышын өзгөртүп, кыргыз элинин келечеги үчүн кам көргөн, тарыхта жазылып, жалпы Солто уруусун башкарган, 18-чи кылымдагы кыргыздардын көрүнүктүү саясатчыларынын бири Кебек бий азыркы Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Горная-Серафимовка, Алмалуу айылдарынын түштүк жагындагы Узун-Кыр жайлоосунда болжол менен 1810-жылдары күз мезгилинде жарык дүйнөгө келген.

Кебек бий калыс, сөзгө кыраакы саясатчы болгон. Кыргыздар Чүй ооруна кайтып кайрадан отурукташа баштаган мезгилде жалпы Солто элин Кебек бий башкарып турган, бул маалымат солтонун талкан уруусунан чыккан белгилүү санжырасында айтылып, далилденип турат. Кебек бий 1850-жылы кыргыз бийлеринин курултайын уюштуруучуларынын бири болгон.

Кыргыз урууларынын калмактан бошой баштаганда мурдагы конуштарына көчүрүп келип отурукташып, Чүй, Талас өрөөндөрүн кыргыздар ээлеп калышына жигердүү салым кошкон. 18-кылымдагы кыргыздардын көрүнүктүү саясатчысы кыргыз, казак мамилелерин калыптандырып турган таасирдүү бийлердин бири болгон жана жалпы кыргыздардын башын бириктирүүгө чоң салым кошкон.

Кыргыздын атактуу санжырачысы Белек Солтоноевдун "Кызыл кыргыз тарыхы" (1928-ж. 1-том.173-бет) китебинде "Кебек-Бий" бүткүл кыргыз элине бий болгону тууралуу жазылып, тастыкталып турат.